Мухаммад Хашим Камали

# ЖЫШААН БЕЛГИЛЕРДИ ОКУУ: КУРАНДЫК КӨЗ КАРАШТАГЫ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ



АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 26-СЕРИЯСЫ

**Мухаммад Хашим Камали**
**Mohammad Hashim Kamali**

# ЖЫШААН БЕЛГИЛЕРДИ ОКУУ: КУРАНДАГЫ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ЫКМАЛАРЫ

## READING THE SIGNS: A Quranic perspective on thinking

**Бишкек-2021**

**УДК 297.18**
**ББК 86. 38**
**М 92**

Автору: **Мухаммад Хашим Камали**
Жышаан белгилерди окуу: Курандагы ой жүгүртүү ыкмалары
Которгон: **Б. Исакова – Б.: 2021.**
Китептин редактору: **Беделбек кызы Вера**

Бул китеп жалпы окурмандарга, ислам динине кызыккандарга, ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – исламга болгон жаңы көз караштты сунуштайт. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдорду чагылдырат.

Китеп “Ихсан Хайрия” коомдук фонду тарабынан жарыкка чыгарылды.

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталган. №97**

**Жышаан белгилерди окуу: Курандагы ой жүгүртүү ыкмалары (Kyrgyz)**
*Мухаммад Хашим Камали*
*Атайын чыгарылыштын 26-сериясы*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN: 978-9967-9329-8-2

**Reading the Signs: A Quranic perspective on thinking (Kyrgyz)**
*Mohammad Hashim Kamali*
*Occasional Paper Series 26*

© The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1439 AH / 2018 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-986-6
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон.

**УДК 297.18**
**ББК 86.38**

# МАЗМУНУ

Кириш сөз....................................................................................4

Жышаан белгилерди окуу: Курандык көз караштагы ой жүгүртүү..................6

Билимдин булактары жана инструменттери..................................................15

Туура ой жүгүртүүгө тоскоолдуктар.........................................................19

Сындык ой жүгүртүүнүн төмөндөшү.........................................................21

Эгер ижтихад болсочу?...........................................................................23

Секуляризмден кийин..............................................................................26

Корутунду..............................................................................................27

Эскертмелер...........................................................................................30

# КИРИШ СӨЗ

**Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT, мындан ары ИОЭИ)** жана Малайзиядагы алдыңкы исламдык изилдөөлөрдүн эл аралык институту (IAIS) белгилүү окумуштуу, исламдык укук жана юриспруденция боюнча адис Мухаммад Хашим Камалинин «Жышаан белгилерди окуу: Курандагы ой жүгүртүү ыкмалары» аттуу эмгегин окурмандарга чогуу сунуш кылышат. Бул аалым шарияттын ар кыл темалары боюнча кеңири макалаларды жазып келет. Анын *«Юриспруденциядагы исламдын принциптери», «Шарияттык укук: киришүү», «Хадистерди үйрөнүү боюнча окуу китеби»* өңдүү көптөгөн китептери бүткүл дүйнөлүк англис тилдүү университеттерде маалымдама катары колдонулат.

Бул эмгекте ой жүгүртүү, рационалдуулук жана сын акыл-эсинин Курандык концепцияда өнүгүү көз карашы каралган. Анда Кудайдан болгон аян белгилерди, аятты талкуулоо жана алардын Курандагы ой жүгүртүү түшүнүгүндөгү алган көрүнүктүү орундарын сөз кылуудан башталат. Бул эмгек, Курандагы билим булактарын аныктоо, рационалдуу ойлонууга тоскоол болгон факторлор жана илимий чыгармачылыктын алтын доору менен бирге анын төмөндөп кетүүсү боюнча тарыхый очеркти ичине камтыйт. Бир кыска бөлүм ижтихадка жана рационалдуулук жөнүндөгү исламдык жана батыштык философиялык түшүнүктөрдү кыскача салыштыруу менен, анын биздин ой жүгүртүүбүздү аныктооого кандайча кирип каларына арналган. Ислам календарына (хижра) ылайыкташып келтирилген даталар атайы белгиленген. Калган учурда алар григориандык календарь боюнча жазылып, керек болгон жерлерде көрсөтүлөт. Жалпы колдонулгандан тышкаркы араб сөздөрү курсив менен берилген. Диакритикалык белгилер азыркы эмес, эски араб сөздөрүнө гана кошулган.

1981-жылы түзүлгөндөн бери ИОЭИ уюму олуттуу илимий иштерге көмөк берүүчү негизги борбор катары кызмат кылып келет. Ушул максатта ондогон жылдар бою көптөгөн изилдөө программалары, семинарлар жана конференциялар өткөрүлүп, коомдук илимдер менен теология тармагына арналган публикациялар жарыялануууда. Алардын саны бүгүнкү күндө англис жана араб тилдериндеги аталыштары менен жети жүздөн ашат, көпчүлүгү башка тилдерге которулган. 2008-жылы Малайзиянын Куала-Лумпур шаарында негизделген Алдыңкы Исламдык изилдөөлөрдүн Эл аралык институту (IAIS, мындар ары АИИЭИ) заманбап көйгөйлөрдүн исламга жана азыркы заманга тийгизген практикалык жана саясий таасирлерин объективдүү академиялык иликтеген көз карандысыз илимий-изилдөө мекемеси болуп саналат. Кыска мөөнөттүн ичинде эле АИИЭИ Малайзия жана мусулман дүйнөсүндө кызыгуу туудурган исламдын бөлөк цивилизациялар менен өз ара карым-катышына арналган семинарлар менен публикацияларына катышкан кыймыл-

дуу коомдук форумга айланып кетти. «Ислам жана цивилизациялык жаңыруу (ICR)» деген кварталдык эл аралык рецензияланган журналына, эки айда бир жолу «Ислам жана заманбап маселелер» аттуу АИИЭИнин бюллетень, китептери, монографиялар жана кагаз материалдар сериялары жарыяланып турат. Акыркы тогуз жыл ичинде ал 280ге жакын ислам жана мусулман дүйнөсүнө кызыгуу туудурган маселелерге кеңири токтолгон иш-чаралар, семинарлар, тегерек үстөлдөр, улуттук же эл аралык конференцияларды өткөрүүгө жетишкен. АИИЭИ Малайзия институтунун ишмердүүлүгү жөнүндө кеңири маалыматты www.iais.org.my сайтынан тапсаңыз болот. Профессор Камалинин өздүк сайты www.hashimkamali.com

*ИОЭИ Лондон офиси жана АИИЭИ Малайзия, Куала-Лумпур*
*февраль 2018*

# ЖЫШААН БЕЛГИЛЕРДИ ОКУУ: КУРАНДАГЫ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ЫКМАЛАРЫ

Куран *āyāt (аят)* жөнүндөгү маанилүү доктринаны (ааламдагы Кудайлык жышаан, белгилер) окутат. Ал негизинен, жаратылыштын бардык деңгээлдерине атайын максат бар экенин билгизген көрсөткүчтөрдөн турат. Ошентип, ал *la- āyātin liqawmin ya¢qilūn* га көп шилтеме жасайт (Курандагы Кудайдын кайрылууларын түшүнгөн жана өз акыл-эсин пайдаланган адамдар үчүн жышаан белги б.а. 2:164). Бул Кудайдын белгилеринин далилдүү ролу, **āyāt** боюнча рационалдуу түшүнүк алып, чындыкты таап, туура жетекчилик жөнүндө жыйынтык чыгаргыла деген талаптын адамдарга жүктөлүшүнө алып келет.

Ошентип, жышаандарды адамдык кабылдоо жана алар жөнүндө жасалган бардык тыянактар акыры акыл-эстин бүтүндүгүнөн көз каранды, ансыз адамдар белгилерди түшүнгөнгө же алардын кайрылууларына жооп бергенге жөндөмсүз болушат. Индивиддин табигый акыл-эси канчалык терең болсо, ал ошончолук терең түшүнүүгө жана жооп кайтаруунун жогорку деңгээлине чыгууга мүмкүнчүлүк алат.

Белгини окуу — бул тексттик макеттердеги жана башка маданий табышмактардагы жашырылган шилтемелерди жана багыттоолорду чечмелөө жана ачып берүү. Ал өзүнө субъективдүү чечмелөөнү камтыйт жана «Семиоз процесси» же маани берип түшүнүүнү билгизет. Бул бизге, реалдуулуктун көзгө көрүнгөн үстүрт жагынан ары терең маанини таануу мүмкүн гана эмес, зарыл экендигин айтып турат. Ошентип, жышаан белгини окуунун же семиотиканын (семиологиянын дагы) функциясы бизди курчаган айлана-чөйрөбүз боюнча кабардар кылууну көздөйт. Мында кеп, биздин көрүү, сезүү жөндөмдүүлүктөрүбүздөн алда канча өйдө турган нерселер, жөнүндө болуп жатат.[1]

Жаратылышта түтүн — оттун белгиси болуп саналат; кара булуттар жамгырдын келе жатканынан кабар берет; дененин чыйрыгып калтыроосу негизги дарттын белгиси болуп эсептелет. Ошентип, жалпысынан белгилер эки түргө бөлүнөт: кадыресе белгилер (адамдар жасаган, маданий, жасалма белгилер) жана табигый белгилер (жаратылыштан жолуккан белгилер). Табигый белгилер тарыхый жана философиялык жактан маанилери төмөн бааланат. Табигый белгилер адаттагыдай эле көрүнөт жана анын үлгүлөрү — кадыресе белгилер жана чечмеленишет. Биздин азыркы жашообуздун көп бөлүгү илимдер жана техника менен кошо, табигый белгилерди чечмелөөдөн курулган. Бардык коммуникациялар бир гана белгилерге байланыштуу болушу мүм-

күн. Ошого карабай, биз табигый белгилерге жөн гана сырье катары карайбыз. Керектөөчү табигый белгилерге «жышаан» катары күнүмдүк жашоодо көңүл деле бурбайт. Бир нерсе эмнени билгизип, эмнени айткысы келээрине көңүл бурулганы аз. Ушундай ишенүүнүн (табигатка сырье катары кароонун) деңгээли канчалык жогору болсо, ошончолук мындай билдирүүлөргө көңүл буруу азыраак болот.

Умберто Эко, өзүнүн «Семиотиканын теориясы» (1974) аттуу эмгегинде биринчи жолу байыркы гректерде логика, грамматика жана риторика абдан күчтүү болгону менен аларда белги жөнүндө азыркыдай түшүнүк болбогонун жазып чыккан. Байыркы Грецияда белгилер бир гана «медициналык симптомдордун» көз карашында каралып, философиялык иликтөөгө татыктуу предмет катары чыккан эмес. Белгини белгилөө үчүн «Семеон» деген нукура грек сөзү алынган. Ошону менен бирге, X кылымда Ыйык Августин, белгилер түшүнүгүн философиялык изилдөөлөрдүн тармагына чейин көтөргөндө, ал бир гана шарттуу белгилерди алдыга жылдырып, табигый белгилерди калтырып салган. Анткени, Августиндин ыйык эмгегинен башка XVII кылымга чейин семиотика аймагында таптакыр эч нерсе жок, боштук гана болчу. Азыркы кезде ага башка бардык дисциплиналар сыяктуу эле, ислам цивилизациясынын кошкон салымы эске алынбай келет. Буга тилдик бөгөттөр себепкер же алардын маанисин актуалдуу деп баалашпайт.

Агартуу доору башталгандан баштап табигый белгилерге көңүл бурулуп, алар кеңири таралды десек болот. Анда акыл менен рационалдуулукка басым жасалгандыктан, «маданияттуугa» караганда «табигыйлуулук» жогору бааланды. Ошону менен катар адам жасаган символдор — табигый эмес, жасалма деп чечмеленген. Дагы эле бул тенденция жалпы мүнөзгө ээ болуп, маданий чөйрө — формалдуу дисциплина катары али чектелген, жакшы өнүкпөгөн семиотикага эмес, өз учурундагы кеңири жайылып бараткан илимий жетишкендиктерге таянды.  Исламдык коомчулуктардын алтын доорунда маданий акцент көбүнчө табигый белгилерге коюлуп, алар өз кезегинде кеңири масштабга жайылган[2]. «Табигый дүйнөгө» болгон  кызыгуу бардык эксперименталдык белгилерге көпкө чейин импульс берип турду. Бул Курандын адамдын интеллекти менен табигый белгилердин ортосунда тыгыз байланыш түзүүгө умтулганына байланыштуу эле.

Исламдык *aql* (интеллект) түшүнүгү этикалык баалуулуктарга таянган илимдерге ишенүүнүн деңгээлин камтыйт. Кийинки беттерде мен сөз кылган Курандын рационалдуулук жөнүндө окутуусу ишеним менен акылдын биримдигинен турат. Алар дагы реалдуулуктун жана анын чегинин метафизикалык аспектин таанышат. XX кылымдагы исламдык дискурс ошол айырмачылыкты түшүнгөнүн көрсөттү, анткени ал, рационалдуулук жана анын маданий подтексти жөнүндө Батышка тиешелүү лексиконго мүнөздүү чебердикке жетише

баштаган эле[3].

## АЛЛАХТЫН БЕЛГИЛЕРИ (АЯТ)

Ошентип, ишеним менен акылдын ортосундагы байланыш — интеллектуалдуу исламдык руханиятты айырмалап турган өзгөчөлүк, анда адамдык интеллект жана эмоциялар бири-бирине эриш-аркак болуп умтулушат. Куран Кудайдын улуулугун түшүнүү үчүн, окурмандарын Ааламдагы жана өздөрүндөгү Жараткандын белгилери жөнүндө ой жүгүртүүсүнө түрткү берип, бул чындыкты көп жолу ырастайт.

Āyah сөзү жана анын көптүк сандагы түрү Āyāt Куранда 400 дөн ашуун ирет жолугат, атүгүл, бүт Куран өзү — аяттардын жыйындысы экени анык. Курандан шилтеме келтирели: «Курандын толук чындык экендиги айкындалганга чейин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди толук көрсөтөбүз»[4]. «Айкын ишенгендер үчүн Жер үстүндө белгилер бар. Ошондой эле, силердин өзүңөрдө да бар. Аны карап көрбөйсүңөрбү?»[5].

Аллах чындыкты ар кандай жолдор менен ачып берет, анын айрымдарын ачык-айкын эле билгизсе, бирөөлөрүн адамдын интеллектин кошо катыштыруу үчүн, негизинен, аяттын түрдүү модалдуулуктарында көрсөтөт. Аллахтын белгилерин үстүртөн гана окуп койбой, ал жөнүндө ой жүгүртүп отуруу керек. Муну «аларга белгилерибизди толук көрсөтөбүз» (Фуссилат 41:53) деген сүйлөм көрсөтүп турат, ал белгилер куралданбаган көз менен эле көрүнө бербей тургандыгын айтат. Аяттын бүт концепциясы аян белги менен себептин ортосунда тыгыз байланышты түзүүгө умтулат: «(Бул) Сага түшүрүлгөн – Анын сөздөрүнүн үстүндө ой жүгүртүү жана эскерүүлөрү үчүн акыл ээлерине жөнөтүлгөн куттуу Китеп»[6]. Ошондой эле белги – өзүнөн башка бир нерсеге ишара же күн мурун берилген жышаан болгондуктан, аяндын максаты же акыркы кайрылуусу катары да каралбашы керек.

750дөй аят же Курандын сегизден бир бөлүгү окурмандарды жаратылышты, тарыхты, Курандын өзүн жана бүтүндөй адамзатты иликтегенге чакырат. Текст бир катар образдуу туюнтмаларды колдонуп, уккандарга (yasmaūn), ойлонгондорго (yatafakkarūn), реакция кылгандарга (yatadabbarūn), байкоочуларга `(yanẓurūn), сүйлөшкөндө колдонгондорго (yaqilūn), көңүл буруп, эстеп калгандарга (yatadhakkarūn), суроо бергендерге (yas'alūn), түшүнүктөрүн өстүргөндөргө (yatafaqqahūn) жана билгендерге (yalamūn)[7] кайрылат. Бул сөздөр жана алардын туундулары (негизинен активдүү сөздүк формада кездешет) усулдар жана чектер менен тосулбаган ойлонууга ачык чакыруу, кубаттоолордон турат.

«Afalā yatadabbarūn al-Qur'ān (Эмне үчүн алар Куран жөнүндө ой жүгүртүшпөйт (тадаббур)[8]. Тадаббур — жаңы нерсени табуу же татаал көйгөйдү чечүү үчүн атайын катуу ойлонууну билгизген.

Жаратылыштын семиотикасы жөнүндө Неттондон шилтеме келтирсек: «Куран — семиотик үчүн жыргал бейиш»[9]; «Асмандар менен жерде канча далилдер (белгилер) бар. Бирок, адамдар ага көңүл бурушпайт» («Йусуф 12:105); «Кече күндүз укташыңар, Аллахтын жакшылыктары издешиңер да – Анын белгилеринен. Ырасында кулак салган коом үчүн мында да белгилер бар» (Рум 30:23); «Силер үчүн жер жүзүндө өстүрүп койгон түрдүү түстөрдөгү нерселерде коом үчүн чындап насаат ала турган өрнөк (белги) бар» (Нахл 16:13).

Табигатты белги катары көрүү — Жараткандын кудурети. Сырткы дүйнөгө да, адамдын ички дүйнөсүнө да табигатты киргизүү менен Куран белгинин касиеттерин чексиздикке чойгон. Белгилерден түзүлгөн Куран — өзүнчө эле килем болгондуктан, андагы белгилер конкреттүү домендер же категорияларга тиешеси жок. Белгилерге табигый көрүнүштөр катары караган шилтемелер бар (Йа-син 36:37, 36:33), адаттан тышкары керемет белгилер (Шуара 26:4; Исра 17:59), эскертүү катары (17:59) жана ак бата катары (Нахл 16:11), жаза катары белгилер (Зукруф 43:48), майрамдоо белгилери (Мааида 5:114) тилдер катары белгилер (Рум 30:22) текст катары белгилер (Нахл 16:101), тарыхый окуялар катары белгилер (Йунус 10:92; Анкабут 29:15; Намл 27:52; Рум 30:58) жана материалдык обьектилердеги белгилер (Бакара 2:248), мурасталган билимдер (Шуара 26:197) жана технология (Йа-син 36:41); далилдер катары белгилер (Йунус 10:15); кишилер катары белгилер (Анбийа 21:91; аль-Муминуун 23:50 ) ж.б.

Эч кандай үстүртөдөн таңуулаган чектөөсүз эле, Курандын окурмандары толугу менен байкоого, саякаттоого, изилдөөгө, сынап көрүүгө, текшерүүгө, жыйынтык чыгарууга чакырылып, ар бири белгилер менен өз ара карым-катнаш жасаганга өзүнчө жолго чакырылган.

Курандын ой жүгүртүү жана интеллекттин машыгуусу жөнүндө шилтемелери беш негизги тема менен айкалыш жүрөт: Кудайдын Жалгыздыгы жана Анын ырайымдуулугу (tawhid); Куран жөнүндө ой жүгүртүү, адам жана Аалам, тарыхый окуя, булардын баары — өзүнчө ой жүгүртүү. Текстте aql (интеллект) жана анын туундулары 49 учурда кездешет. Курандагы типтүү сөз айкашы ulū al-albūb («ким көрө алат жана түшүнө алат?») жана анын синоними ulā al-nuhū (акылдуу адамдар) 33 жолу жолугат.

Мындай образдуу сүйлөмдөр көп учурда карама-каршы мааниде салыштырылат: «Аллах – акыл жүгүртүшүңөр үчүн силерге аяттарын ушундай кылып баяндайт»[10] же дагы бир аятта: «Чындыгында, силер түшүнүшүңөр үчүн, Биз силерге белгилерди баян кылдык»[11]. Аят боюнча кайталама шилтемелер ар түрдүү болуп, акыл жөндөмү ар кандай адамдардын кеңири катмарын камтыйт[12].

Аль-Рахиб аль-Исфахани (502-1108) ойду (al-fikr), илимге (ilm) барчу

жолду жеңилдеткен акылдын күчү катары аныктаган.

Ой жүгүртүү (al-tafakkur) — интеллект тарабынан башкарылган күчтүн кыймылы, ал субъекттин баштапкы образы ойлонуп жаткан кишинин аң-сезиминде жеткиликтүү болгондо гана ишке ашат. Демек, ой жүгүртүү жок нерсе жөнүндө болбойт, образ акылда жашап турат. Муну Аллахтын Өзү жөнүндө да айтса болот, анткени, адамда өз оюн топтой турган образ жок[13]. Адам, Аллахтын атрибуттары жөнүндө Анын белгилерине байкоо жүргүзүү аркылуу гана ойлой алат. Жалпысынан айтканда, ой жүгүртүү ааламдагы бардык нерселерге да ошентип таралат. Ырас эле, Куран реалдуулуктун өткөндөгү же азыркы физикалык же абстракттык аспектилерине чакырганда, алар бул сезимдер менен эмес, бир гана интеллект менен гана кабылданат. Көбүнчө Куранда башка элдер жөнүндө мисалдар, накыл кептер жана икаялар келтирилет, андан кийин адамдар бул жөнүндө ойлонуп, иш кылуулары үчүн, Пайгамбарга (с.а.в) кайрылган эскертүү келет[14].

Дагы беш перцептивдик-когнитивдик функция сунуш кылынат, аларга (sam) угуу, (basar) көрүү, (fikr) ойлонуу, (dhikr) эскерүү, (yaqin) ишенгендик кирет[15]. Күчөтүлгөн кабылдоо түшүнүгүнүн ушундай даражасын эске алып, Куран ulū al-albāb түшүнүгүн (терең ойлонуп, акыл-эстүү иш кылган кишилер) киргизет. Ошентип, Aql сөзү когнитивдүү өлчөө менен байланышкан. Бул термин араб тилинде акыл-эс менен интеллектти билдирүү үчүн колдонулат. Анын маңызы «кармануу», «токтонуу» деген практикалык идеяда жатат, б.а. өзүн күнөөкөр жүрүм-турумдан тыйып, ичинен өзүн-өзү чектөөнү билгизет. Куранды талкуулоочулар tafakkur ой жүгүртүүсүн — жыйынтыкты эмес, акыл процессин көрсөткөн ойлонуу жана рефлексия деп түшүнүшөт. Aql Курандын концепциясында чындыкка жетүү үчүн дайыма Аны издейт. Aql дын бул концепциясы бой көтөрүү, кекирейүү, адаштырууну четке кагат. Кээ бирөөлөр, Куран бардык мусулмандар ойчул инсандар болуш керектигине басым жасайт деп жыйынтык чыгарышат[16].

Аль-Карадави ибн Кайим Аль-Жаузийянын (751/1350 каза болгон) өз байкоосун бекемдеген «көп жылдар бою ибадат кылуудан бир сааттык ой жүгүртүү жакшыраак» деген жана «бир сааттык ой жүгүртүү түнү бою ибадат кылуудан артык» деген сөзүн шилтеме келтирет. Буга ибн Кайим «ой жүгүртүү жүрөктүн иши, ал эми ибадат кылуу болсо дене мүчөлөрүнүн иши, биринчиси экинчисинен артык» деп кошумчалаган. Такыба халиф Умар ибн Абд аль-Азиз (101/719-к.) дагы «Кудайдын марттык жактары жөнүндө ой жүгүртүү табынуунун эң мыкты формасы» деген. Аббас Махмуд аль-Аккад «Ой жүгүртүү (al-tafkÏr) – исламдык милдет» деп айтканга чейин барган.

Жараткан Кудай бизге сыйынуу жана орозо кармоо аркылуу Ага Табынууну буюргандай, Ал бизге ой жүгүртүүнү — Курандын эң башкы кайрылуусу экенин билгизген көптөгөн аяттардын үстүнөн ой жүгүрткөнгө буйруган[17].

**Курандын билимге карата көз карашын** түшүнүүгө *(fahm)* жана аян ачылышка (Tafaqquh) негизделген билим катары мүнөздөсө болот. Аны курчаган дүйнөнү, Ааламды жана анын чегинен чыккан нерселерди рационалдык байкоо, ой жүгүртүүгө чакырган тексттеги көптөгөн шилтемелер күбөлөндүрөт. Муну Ислам al-tafaqquh fÏ al-dÏn деген түшүнүккө бириктирет, б.а. Исламдык дүйнөгө көз карашты курууга рационалдык жана сындык мамиле кылууну билдирет. Жалпысынан, ислам өтө таза догматикалык мамилени эмес, жарк эткизген ачылыш жараткан түшүнүк жана аналитикалык билимди сунуш кылат. Бул эки мамиле тең *al-Ïman al-ijmali* (акыл жеткис, түшүнүксүз ишенимге) эмес, *`al-iman al-tafsili* (деталдуу анализге негизделген ишеним) аттуу түшүнүктө чагылдырылган. Аны бардык алдыңкы мектептерде жана мазхабдарда жалпы таанышат. Бул аятта айтылгандай: «Акыйкатта, момундардын баары толугу менен жоого аттануулары шарт эмес. Ар бир тайпадан дин илимин үйрөнүп, алар (жоодон) кайтып келген кезде, алардын такыба болуусу үчүн эскертишип туруулары керек эмес деп ойлойсуңарбы?»[18].

Биз дагы, түшүнүккө негизделген билим менен берилип, алынып турган билимдин ортосундагы айырмачылык ilm al-dirayah (түшүнүккө негизделген билим) жана ilm al riwayah (алынган жана берилген билим) аттуу юридикалык жана хадистик сөз айкалыштарында чагылдырылганын белгилейбиз. Биринчиси – түшүнүүгө жана аян ачылууга негизделип, экинчисинин алдында күчкө ээ. Эгер *ilm al riwayah* негизинен эстеп калууга, унутпай сактап калууга таянса, *ilm al-dirfyah* таанып билүүгө, түшүнүүгө жана иликтеп көрүүгө негизделген. Ошентип, бул маселе боюнча хадис же ар кандай далилдүү отчеттер болбосун, бир гана рационалдуулукка караганда ишенимге жана баш ийүүгө негизделген маселелерди (ibadat) албаганда, эсепке алынбай четке кагылат.

Курандык ой жүгүртүүнүн көз карашынын дагы бир өзгөчөлүгү — ал акылмандуулук менен эстүүлүккө (hikmah) басым жасаганында, бул ой жүгүртүүнүн сапаты, анын баалуулуктарга мамилеси жана натыйжасын билгизет. Акылмандуулук менен эстүүлүк — тажрыйба жана техникалык жаңылыктарга караганда чоңураак, маанилүүрөк деп айтсак болот, себеби, ал эксперттик билимди максатка жетүүдө туура колдонууга багыттай алат.

Куран hikmah деген сөздү 20 жолу кайталайт, анын ичинен онунун алдына «kitab» деген сөз келет, ал биринчи кезекте Аллахтын Жазуусу Куранга гана эмес, андан башка ачылган жазууларга да шилтеме болуп эсептелет. Ошентип, текстте Исага мындай деп шилтеме берилет: «Ал сага Өзүнүн кол астындагынын чындыгын тастыктоо үчүн Китепти акыйкат менен түшүрдү. Ал Тооратты жана Инжилди да түшүргөн»[19]. Мында, «kitab» менен «hikmah» терминдерин салыштырууда көбүнчө пайгамбарлардын үлгүсүнө шилтеме жасалат, алар Мухаммед[20] жана Ибрахим[21] пайгамбар менен Лукмандын[22] тукумдары жөнүндө айтылгандай, Жазуу жана акылмандуулуктун жардамы

менен адамдарды окутуп, багыттаганга аракет кылышкан. Hikmah түшүнүгүнүн бүтүндүгү, артыкчылыгы, ажырагыс баалуулугу жөнүндө Куран өзүнүн аяттарынын биринде баса белгилейт: Кудай даанышмандыкты кимге берсе, демек ага жакшылыкты да мол берет экен[23]. Бул түшүнүктү Китеп менен чогуу айтуу ─ Куранды акылмандуулук менен окуп, ажырата билүү керектигин билдирет. hikmah, Куранга жалаң гана догмалык чектелген көз караш Кудайдын оюна жана анын ачылышына каршы келет.

Куранда «hikmah менен Китепти» кайталап салыштыруудан улам Катада ибн Диама аль-Садуси (118-ж дүйн.кайт.), имам Маликтин (179/795-ж дүйн.кайт) шакирти имам Ваххаб жана имам аш-Шафи өңдүү комментаторлор, «hikmah» ─ Пайгамбардын сүннөтүнө шилтеме деген ойго келишкен. Көпчүлүк ушундай ойду карманат, бирок текстте «hikmah» боюнча мындай маани көрсөтүлбөгөндөн кийин, бул сөз өзүнүн алгачкы табигый, талашсыз маанисин билдирүүсү тийиш. Эстүүлүк, байкагычтык, оор басырыктык, токтоолук, чындык менен калпты ажырата билүүчүлүк жана тактык адатта «hikmah» менен элестетилет жана ал Куранда баалоочу ой жүгүртүүнү билгизген идиома болуп калган. Мындан тышкары, Куранда Аллах, Даудка жана Сулайманга, белгилүү акылман Лукманга «hikmah» бергенде, Мухаммед пайгамбардын сүннөтүн берен эмес, анткени, ал кезде сүннөт болгон эмес. Куранда «hikmah» түшүнүгүн колдонуу ой жүгүртүүнүн бүтүндүк касиетин күчөтүп, акыл менен эмоциянын ортосунда тыгыз байланышты жаратканга (aql wa qalb) умтулат, ал учурда эмоционалдык интеллект деген ат менен белгилүү. Куранда да, сүннөттө да буйруктар менен тыюу салуулар окурмандардын жүрөгү менен акылына чакырыктар менен коштолот да, көбүнчө qalb деген сөз *(жүрөк)* катары колдонулат[25]. Аль-Исфахани: «Hikma» ─ бул билим жана интеллект аркылуу аңдап билүү, ал жакшы иштерди жасагандан көрүнөт», ─ деген[26]. Дагы бир аныктама боюнча «акылмандык ─ чындык менен реалдуулукка жетүү жана жеткилеңдикке умтулууда бузуулудан качуу жөндөмү»[27]. Рэндом Хаустун англис тилинин сөздүгү «акылмандык ─ эмне чыныгы, жакшы экендигин билүү жана аткаруу» деп аныктайт. Акылмандык ─ бул жүрөктүн жарыгына негизделип, ошондон улам иш кылып, анын натыйжаларын ага шайкеш факторлор менен чогуу карайт. «Аллахтан коркуу – акылмандыктын туу чокусу»[28] деген белгилүү хадиске көңүл бурсаңыздар *(ra'su al-hikmati makhāfatu Allāh)*. Балким, дал ошол себептен дүйнөнүн улуу диндери акылмандуулук менен биригүүгө чакырышкан чыгар. Дал ошол акылмандык, ой жүгүртүүнү жогорку сапаттуу, жеткилеңдүү кылып, билимди жакшылык үчүн колдонууга көмөк көрсөтүп, ага маани жана багыт берет.

Адамдын өзүн жана ой жүгүртүүсүн жакшыртууга үйрөтүү үчүн аль-Газали (505/111-дүйн.кайт.) мусулмандык традиция тааныган билимдин эки булагын сөз кылат. Алар, жеке адамга сабак берүү жана үйрөтүү *(al-ta allum*

*al-insāni)* Аллахтын окутуусу *(al-talim al-rabbani).* Булардын биринчисинде устаттан шакиртке өтсө, экинчиси — Ааламдык акыл-эс тарабынан берилип, адамды окутууга караганда интенсивдүүрөөк жана таасирдүүрөөк . Мында билим ички жактан ачылыш аян *(wahy)* аркылуу алынат. Бул пайгамбарларга тийиштүү прерогатива, ал же медитация, ой жүгүртүү жана реакция аркылуу алынат. Аль-Газали билимдин маңызы адамдын ички «эгосунда» болот деген пикирге кошулат. Адам да топурак жана үрөн сыяктуу өсүү жөндөмүнө ээ, ал дал ошол окуу аркылуу жөндөмүн өнүктүрөт. Билимдин бул эки аспектиси, б.а. сырткы жана ичкиси бири-бирин толуктап турушат. Анткени, эч ким бардык илимдерди окуп үйрөнө албайт, алардын кээ бирөөлөрү окутуу аркылуу иликтенсе, калгандары адамдын рефлекстүү оюнан келип чыгат. Ошондуктан, окутуу жолдору үйрөтүү жана ички ой жүгүртүү, ойлонуу жана аңдоо аркылуу болот[29]. Бул бардык билим алынып, сезимдер, ички чагылуу жана ойлонуу аркылуу өнүгө турганын, баары сырткы берүү жана окутуу аркылуу болорун билгизет. Билимдин ички жана сырткы булактары жөнүндө аль-Газалинин көз карашы Ибн Синаныкына окшош болгон (428/1037-ж. дүйн.кайт.). Бирок, ал Ихван аль-Сафадан бир аз айырмаланат (373/983). Аль-Сафа боюнча бардык билимдер сезим органдары аркылуу гана алынат, адам табиятына башка жолдор мүнөздүү эмес. Аалым, ойлор жана ой жүгүртүүлөр аркылуу алынган билимдердин башаты да сезимдерде жатат деп белгилеген. Ушул эле анализ сезим органдары тарабынан алынган постулаттардын аксиомалык билимдерине да таралат. Бул теорияны колдоо максатында Ихван аль-Сафа Курандан шилтеме келтирет: «Аллах силерди энеңердин курсагынан эч нерсе билбеген абалда чыгарды...»[30]. Демек, азыркы заманбап теориялардын көңүлү ушул темага бурулушу мүмкүн[31].

Орто кылымдардагы исламдык философия — сезимдер аркылуу жеткиликтүү болуп, рухий же көмүскөдөгү дээриндеги мүнөзү бар материалдык объекттердин ортосундагы айырмачылыктарга жол берген эмес. Муну илимдин азыркы позитивисттик (философияны өзүнчө илим катары таанытбаган) окутууларына караганда реалдуулукка эң туура келген көз караш десек болот. Болумуш ар кыл деңгээлде жана ар кыл формада көрүнөт, алардын ар бири башкалардай эле реалдуу. Араб философиясы стоиктердин (грек философиясындагы бир окутуу) теориясынан системалаштырган түшүнүктөрдү пайдаланып, болмушту үчкө бөлгөн: сөз менен айтуу, психикалык элестетүү жана реалдуулук – мунсуз акыркысы баары бир болмушка ээ боло алат. Абу Наср аль-Фараби (910-ж. дүйн.кайт.) бул көз караштı кабыл алып, акыл-эске психикалык репрезентацияны сиңирип жиберген. Башкалар бул бөлүнүүгө төртүнчү орунду, Жазуудагы аяттарды кошумчалоонун аркасында жетишет. Ошентип, реалдуулук ошол субъект дароо эле өзүнчө жашап жатканына же аң-сезимде эле болгонуна, психикалык түшүнүк же үн менен кептин артын-

да турган каармандарда көрүнгөнүнө жараша төрт түрдүү көрүнүштөргө ээ. Төртөөнүн баары тең болумуштун жалпы базалык мүнөздөмөсүнө ээ (wujūd, aqiqah)[32].

Исламдык же батыштык көз караш экөө тең чыгармачылыкты кабылдоо жана баалоо  бул машыгуу жана көнүгүүлөрдөн улам өнүгө турган көндүм ык экенин моюнга алышат. Дал ошол окутуу жана ой жүгүртүү аркылуу биз реалдуулуктун жаңы үлгүлөрүн кабылдайбыз, алардын өзгөчө, чыгармачылык жүзүн көрө алабыз. Адатта, чыгармачылык ойлонуу менен сындык ойлонуу чогуу жүрүшүп, бири-бирин толуктап турат дешет. Сындык ойлонуу «чебер байкоо же ой жүгүртүү» дегенди билдирет. Ой жүгүртүү чечимдин негизин баалап жатканда маанилүү. Мындай баалоо конструктивдүү жол менен жасалышы керек[33].  Сындык ой жүгүртүүнүн максаты - түшүнүү, көз караштарды баалоо жана көйгөйлөрдү чечүү. Жалпысынан, конкреттүү окутуу тажрыйбасына абстракттуу ой биринчилик кылса, ойлонуу сындык болуп калат[34].  Бул «hikmah» колдогон ой жөнүндөгү исламдык идиомага окшош.

Айтылуу, карама-каршылыктуу «Аллах тарабынан биринчи жаралган нерсе акыл болгон» деген хадис мусулман ойчулдарынын арасында көп кылымдар бою узак талкууну жаратып келгени белгилүү. Талкуулаган маселелердин бири акыл-эс аян ачылыштан жогору турабы жана алардын ар биринин өз ара көз карандылыгындагы аткарган ролу кандай деген суроолор болчу. Дагы бир акыл-эске байланыштуу адамдардын ортосундагы теңсиздик барбы деген маселе моралдык милдеттенмелердин ыкмаларына да таасир берген. Абу Бакр аль-Рази (313/925-ж.дүйн.кайт.) да кошулган кээ бир белгилүү ойчулдар аяндык ачылыштын үстүнөн акыл-эстин биринчилиги үчүн чыгышкан. Аяндын үстүнөн акылдын биринчилиги бар деп эсептегендер «рационализм» деген түшүнүк менен маалым болушкан. Бул акылды приоритет кылбай караган «рационалдуулуктан» айырмаланып турат.

# БИЛИМДИН БУЛАКТАРЫ ЖАНА ИНСТРУМЕНТТЕРИ

Курандан келтирилген үзүндүгө комментарий берип жатып Мухаммед Икбал «Өзүнө» *(anfus)* да, «дүйнөгө» *(āfāq)* да Аллах билимдердин булагы катары карайт деген. Кудай Өзүнүн ачылыштарын сыртта да, ичте да ачат. Ошентип, Куран адамдын ички тажрыйбасы жагындагы билимдин жаңы перспективаларын көрсөтөт. Мистикалык тажрыйба, интуиция канчалык кызыктай, адаттан тыш болсо да адамдык тажрыйбанын башка аспектилери сыяктуу изилдөө үчүн кадыресе эле табигый жана ачык болуп эсептелип калат[35]. Бирок ички тажрыйба адамдык билимдердин бир эле булагы. Икбал Курандан сырткы тажрыйбаны эки башка булактан: табигат жана тарыхтан табат, мына ушул булактарды иликтөөдө «исламдын руху абдан жакшы көрүнөт». Куран реалдуулуктун белгилерин Күндөн, Айдан, асмандан, күн менен түндүн алмашуусунан, шамалдын агымдарынын өзгөрүшүнөн, ар түрдүү адамдык тилдерден көрөт. Жалпысынан жаратылыш адамдын сезимдик кабылдоосуна ачык. Мусулман киши дүлөй, сокур адамдай болуп өтүп кетпей, бул белгилер жөнүндө ой жүгүртүүсү парз. Анткени, бул жашоонун ушул белгилерин көрбөгөндөр кийинки жашоонун реалдуулуктарына сокур бойдон калат. Кудайдын белгилери негизинен угуу, көрүү жана интеллекттин мүмкүнчүлүктөрү аркылуу сезимдик жактан кабылданат: «Алар эмне, саякаттап жер кезбей жатышабы? Анан да алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулактары болсо кана?»[36] Бул аятта басым акылдын түшүнүү жөндөмдүүлүгүнө жасалат, эгер жаратылыш жөнүндө биздин бардык маалыматтарыбыз түздөн-түз сезүүлөрүбүздөн эле көз каранды болсо, анда жаныбарлардан эч айырмабыз болмок эмес экендигин көрсөтөт.

Курандын илимий-эксперименталдык маанисин көрсөтүү үчүн сезимдик кабылдоо негизги ыкма экендигин көрсөткөн аяттарга шилтемелер көп жасалат. Куран сезимдик кабылдоо билимге барчу жалгыз жол экенин көрсөтөт: «Аллах силерди энеңердин курсагынан эч нерсе билбеген абалда чыгарды да, силерге угуу, көрүү жана ойлоо жөндөмдөрүн берди. Балким шүгүр кыласыңар»[37].

Ошентип, бул жөндөмдөр аркылуу белгилерди билебиз. Башка бир аятында Куран «Сөздү угуп, андагы маанини аткарууга умтулгандарды» мактайт[38]. Бул аят сезимдик кабыл алынган нерселерге интеллектуалдык тандоо керектигин көрсөтөт. Текст сезимдик кабылдоо бүт реалдуулукту кабылдай албасын үйрөтөт: «Силер көрүп турган нерселер менен жана силер көрбөгөн нерселер менен да ант ичем!!»[39] Сөзсүз, шексиз *(yaqin)* нерселер да адамдык интеллекттин чегинен тышкары болуу керек, анткени адамдын акылы - өз-

гөрүлмө мезгил менен мейкиндиктен көз каранды. Бүгүн айныксыз нерселер эртең андай болбой калышы мүмкүн.

Биз дагы Курандын окутуусуна ылайык аалам өзүнүн келип чыгышы боюнча кыймылдуу, чеги бар жана өсүүгө жөндөмдүү экенин белгилейбиз. Алгачкы мусулман ойчулдары индуктивдик ой жүгүртүүгө жана эксперименттерге коюп, Куранды жакшы түшүнүшкөн эмес. Ырас эле аалымдар Курандын руху антиклассикалык экенин абдан жай аңдашты. Грек ойлоруна абдан ишенип алышкан ислам ойчулдары Куранды грек философиясынын жарыгында карап түшүнгөнгө аракет кылышкан, анткени башында алар аны абдан изилдешкен эле.

Бул маселе боюнча Икбалдын сын көз карашын Малек Беннаби (1905-1973) да ырастайт, ал Курандын чыгармачылык импульсун илимдин гүлдөшүнүн кыймылдаткыч күчү катары түшүнгөн. Баштапкы кезде мусулман ойчулдары Курандын эксперименттерге жана индуктивдик ой жүгүртүүгө таасирин толугу менен аңдай башташкан эле[40].

Курандагы ааламдын кыймылдуу концепциясы жашоону мезгил ичиндеги эволюциялык кыймыл катары карайт. Ошентип, тарых Курандагы билимдердин үчүнчү булагы болуп саналат. Бул Курандын эң маанилүү окутууларынын бири, анткени Икбал айткандай: элдер коллективдүү айыпталышат жана өздөрүнүн кылган кылыктары үчүн азыр жана ушул жерде азап чегишет. Куран дайыма тарыхый мисалдарды келтирип, окурманды адамзаттын мурунку жана азыркы башынан өткөндөрү жөнүндө ойлонгонго чакырат.

«Силерден мурда ар түрдүү окуялар өткөн. Жер жүзүн кыдыргыла. Жалганга чыгаруучулардын акыбети эмне болгонун көргүлө!»[41]

«Эгер силер жаралансаңар, тигил коомго да ошол сыяктуу жарадарлык жеткен. Ушул күндөрдү адамдардын арасында айлантып турабыз. Аллах силердин ыймандууларыңарды аныктоо жана силерден шейит алуу үчүн ушинтет. Аллах – заалымдарды жек көрөт»[42].

«Биз жараткан адамдардан адилеттүүлүккө чакырып, өздөрү да адилеттүүлүк менен иш жасай турган бир тайпа бар. Биздин аяттарыбызды жалганга чыгаргандарды алар күтпөгөн жактан акырындап алабыз. Мен алардын өлүмү келчү мөөнөтүн узартып коем. Чындыгында Менин айлакерлигим күчтүү!»[43]

Курандын тарыхка карата адамдык билимдин булагы катары кызыгуусу жөн гана тарыхый жалпылоолорду көрсөтүү тенденциясынан да ары кетет: «Бул бизге сындык тарыхый илимдин эң башкы принциптерин берди»[44]. Фактыларды жазуунун тактыгы тарыхтын илим катары абалынын негизги шарты болгондуктан, алар жөнүндө кабар кылгандардан да көз каранды. Ошондуктан кабарчынын жеке мүнөзү анын көрсөтүүлөрүн баалоодо маанилүү өбөлгө болот. Куран айтат: «Эй, ыймандуулар! Эгер силерге бир бузуку адам кабар алып келсе, кайсыл бир коомго байкабастык кылып, кийин өкүнүп калбаш

үчүн аныктагыла!»[45] Пайгамбар жеткирген бул аятта айтылган принциптерден тарыхый критицизмдин канондору акырындап түзүлгөн.

Бирок тарыхты илимий жактан талкуулоо кеңири мамиле, тажрыйба, практикалык акылдын жеткилеңдигин, жана жашоо менен мезгилдин табиятына тиешелүү кээ бир негизги идеяларды толук түшүнүүнү талап кылат. Алар чогуу алганда Курандын окутуусунун негизин түзүшөт.

**I. Адамдын келип чыгуусунун бирдиктүүлүгү:** Куранда «Ал силердин баарыңарды бир адамдан жаратты»[46], – делет. Бирок жашоону органикалык бирдиктүүлүк катары кабылдоо – ислам үчүн чоң жетишкендик деле эмес. Ислам бул умтулуунун түйүлдүгүн жаратты, Куран адамга өзүн реализациялоо эмгегин дайындаган. Христиан дини исламдан көп мезгил мурун эле адамзатка теңдик жөнүндө кабарды жеткиргени менен, Римдик империя адамдык биримдик жөнүндө жалпы, абстракттуу же үстүртөн эле түшүнүккө ээ болчу. Экинчи жагынан Европадагы территориялык улутчулдуктун өсүшү анын искусство жана адабияттагы кеңири жайылган адамдык факторду муунтуп таштады. Колониализмде да өзүн-өзү жогору баалоо, текеберленүү өнүктү[47]. Исламда болсо, баары башкача болгон. Адамдардын бирдейлиги жана биримдиги жөнүндө идеяны аткаруу үчүн исламдын импульсу башынан эле бар болчу, муну мусулмандардын тажрыйбасында толугу менен ишке ашыруу керек эле.

**II. Убакыттын реалдуулугун курч сезүү жана жашоо мезгил ичиндеги тынымсыз кыймыл деген концепция:** Курандын күн менен түндүн кезектешин реалдуулуктун эң жогорку белгиси катары карашы, анын ар бир көз ирмемде жаңырып көрүнүп турушу, мезгилди объективдүү нерсе катары караган мусулмандык метафизика – мунун баары исламдын интеллектуалдык мурасы жана идеалдары.

**III. Диний жана секулярдык баалуулуктардын кошулушу:**

Бул исламдык ойдун уникалдуу өзгөчөлүгү, ал тарыхта биринчилерден болуп экөөнүн ортосунда гармонияны киргизгенге аракет кылганы менен айырмаланат. Биз так ошол Медина шаарында жалпы таанылган адеп-ахлактуулук баалуулуктар саясий пикирлердин критерийлерин түзгөндүгүнүн мисалын көрөбүз. Анда саясий лидерлер жана мамлекеттик ишмерлер натыйжалуулуктун баалуулугун гана эмес, адилеттүүлүктү, адамдык ар-намысты, теңдикти жана эркиндикти да тааный тургандыгы күтүлгөн. Гегель «Тарыхтын философиясы» деген эмгегинде светтик жана руханийлүүлүктүн биримдиги азыркы Батышка караганда көп жыл мурун эле ислам коомунда жана цивилизациясында болуп өткөнүн моюнга алган.

«Ошондуктан биз светтик жана руханийлүүлүктүн ортосундагы жарашууну рухий диний принциптер жана варвардык реалдуу дүйнөнүн ортосундагы зор айырмачылыктан баштап карообуз керек. Анткени, ички дүйнөнүн

аң-сезими катары чыккан Рух жаралгандан баштап абстракттуу формада болот. Демек, светтик болуп калган нерсенин баары одоно, орой мамилеге дуушарланышкан. Чыгыш дүйнөсүнүн агартуучу болгон мусулмандык принциби бул варварчылык менен зомбулукка биринчи болуп каршы чыккан эле. Биз ал кечирээк башталганы менен тез өнүккөнүн байкайбыз. Ал эми христианчылыкка саясий формага өсүп жетиши үчүн сегиз кылым керек болду»[48].

Азыркы батыштык саясий бийликтин ээлери моралдык эрежелердин жыйындысын кармансын деп талап кылып, тарыхый исламдык дүйнөнүн үлгүсүн ээрчиди. Бирок Батыш светтик жана динийликти улуттук деңгээлде гана ишке ашыргандыктан эл аралык падышалыктар күч саясаты жана светтик оройлуктун күчөшүнүн шартында иш алып барышууда. Бул ийгиликсиздик XX кылымда согуштун жүз миллион адам курмандыктарын талап кылган маңызсыз зомбулуктардын себеби болду. Таза светтик саясаттын коркунучтуулугун моюнга алуу Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүшүнө алып келди.

Тилекке каршы, азыркы мусулман коомдору деле так ошондой светтик жана динийлүүлүктү ажыратуу курсун ээрчишип, легитимдүүлүктүн кризисине батып кеткендигибиздин ирониясын Сафи адилет белгилеген. Көп мусулмандык режимдер бийликтин логикасы менен жүрүп, адеп-ахлактык түз жолдун аймагынан тышкары иш кылып жатышат. Бул бөлүнүү ишенүүчүлөрдүн кыймылынын бийликтин логикасына баш ийип, саясий жемкорлук жана эзүүгө каршы күрөшүндө аморалдык стратегияларды пайдаланганга чейин даяр болушканын көрүү тынчыбызды кетирет.

## ТУУРА ОЙЛОНУУГА ТОСКООЛДУКТАР

Туура ой жүгүртүп, туура жыйынтык чыгаруу үчүн аят үстүндө ой жүгүрткөндө атайын принциптерди жетекке алуу керектигине Куран басым жасайт. Андыктан акылдын туура иштеши үчүн текстте ар кандай өзгөчөлүктөр жана факторлор болушу мүмкүн.

(1) **Жеке каалоонун (hawa) артынан чуркоо** (ал сүйүү, жек көрүү, ыксыз текебердик жана туура эмес жаман ойдо болуудан турушу ыктымал) пикирдин калыстыгы менен тууралыгына таасирин тийгизет: «Каалоосун кудай кылып алган адамды жана Аллах Өзү билип туруп адаштырып, кулагын дүлөй кылып, жүрөгүнө мөөр басып, көзүн парда менен тосуп койгон адамдарды көрдүңбү»[50]. «Эгер сага маалымат келген соң алардын көңүлдөрүн ээрчисең, анда сага Аллахтан тарапкер да, жардамчы да болбойт»[51]. Ошентип, каалоо *(hawa)* жана туура жолдун *(huda)* ортосунда тандоо бар; биринчиси биздин экинчиге жетүү үчүн аракетибизге тоскоолдук кылары белгилүү.

(2) **Шек санабай ишенгендикке карабай жоромолдордун артынан**

**чуркоо:** «Албетте, жоромолдор *(al-Zann)* акыйкаттын *(al-Haqq)* алдында эч нерсеге арзыбайт»[52]. «Билбегениңдин артынан ээрчибегин. Акыйкатта, кулак, көз жана жүрөк, мунун баары жооп берүүгө тартылат»[53]. Билим менен чындык жоромолдун артынан чуркоого *(al-Zann)* карама-каршы турат. Көңүл бурсаңыздар, текст билимдин даражасына жетмейинче жоромолдун артынан ээрчүү болбойт экенин айтат. Бирок таптакыр эле жоромолдон качуунун кажети жок. Башка жерде жоромол каалоо *(hawa)* менен чогуу жүрөт же өздөрү да бир каалоого биригип калат[54]. Бул жоромолдун өзүнчө бир түрү. Билим сезимдик кабылдоо менен түзүлөт, ал көбүнчө ойлонуу жана күмөн саноодон башталат жана акылдын жарыгы, ишенич менен бекемделет. Кээ бир комментаторлор негизги контексттеги жетекчилик бул дин болгондуктан адам ишеним маселесинде спекулятивдик позицияда турбашы керектигин айтышат. Бирок, илимий изилдөөлөр жана билимдерге умтулууда жоромол (al-Zann) таптакыр четке кагылбайт[55].

Бул кармануунун түпкү максаты – чындыкка жетүү. Ага жеткенден кийин адам өзүн ага арнап, аны карманышы керек: «Акыйкаттан соң бир гана адашуудан бөлөк эмне болмок эле?»[56] «Сенин Эгеңдин Сөздөрү чындык жана адилеттүүлүк менен бүттү. Анын сөздөрү өзгөртүлүүгө мүмкүн эмес»[57].

(3) **Башкаларды сокур тууроо:** Исламда акылды туура колдонуу башкалардыкындай салт-санаа же окуялар менен эмес, жеке ишеним менен байланышта болот. Адашууга кирген мындай дейт: «Жок, биз ата-бабаларыбыздан калган нерселерди ээрчийбиз», - дешет. Ата-бабалары эч нерсеге акыл калчап, туура жолго түшпөгөн болсо да ээрчишеби?!»[58] Ушул жоопту Ибрахим жана башка пайгамбарлар өз каршылаштарынан угушкан, бирок «Ырас эле, силер да, силердин аталарыңар да анык адашууда болуп келишкен»[59] деген текст аларга уламдан-улам айтыла берет. Башкаларды сокур тууроо бул мусулмандардын арасында чыгармачылык ой жүгүртүүнүн, экономиканын начарлашынын жалгыз себеби деген пикир кеңири тараганын билебиз.

(4) **Деспоттук диктатура:** Куран өзүнө текебер диктаторлорду жана аларды колдоп, ээрчигендерди соттогонго милдеттенме алат. Мына ошондуктан: «Оо Эгебиз! Башчыларыбызга, чоңдорубузга моюн сунган элек. Ошолор бизди туура жолдон адаштырды»[60] - дегендердин сураныычы келип чыгат. Башка жерлерде текст фараонду жана Карунду чексиз үстөмдүгү, Кудайдан болгон жетекчиликтен баш тартып, элин адашуу жолуна салгандары үчүн шерменде кылат[61].

# СЫНДЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮНҮН ТӨМӨНДӨШҮН ПРОПАГАНДАЛОО

Мусулман ойчулдары жаңы билимдердин жаралышында пионер болушкан деген жакшы документтелген тарыхка кайрыла бербейли. Бул Курандын таасири астында болгон, ой жүгүртүүнүн дедуктивдүү усулу жана логикада ийгиликке жетишкен гректерден айырмаланып, мусулман окумуштуулары илимий изилдөөлөрүндө индуктивдүү жана эксперименталдык мамилелерди жасашкан. Курандын чындыкты ачууга, билим алууга жана курчаган дүйнөнү изилдөөгө чакыруусу илимий чыгармачылык үчүн адеп-ахлактык жана руханий өбөлгөлөрдү камсыз кылган. Ошентип мусулман илиминин алтын кылымы биздин доордун 700-жылдарында башталып, 1350-жылга чейин созулган. Ибн Сина, Жабир ибн Хайан, Абу Бакр Закария аль-Рази, Абу Райхан аль-Беруни, Ибн аль-Нафис аль-Дамаски, аль-Хорезми ж.б. көптөгөн башкалар анатомия, медицина, математика, астрономия, химия, оптика ж.б. тармагындагы илимдерге салым кошуп, өздөрүнүн артынан бай мурас калтырып кетишти[62]. Ошол кездин мусулмандык коомдорунда лингвистикалык жана адам түзгөн башка белгилер менен символдор, илимдердин тили, тексттик анализ, архитектура же искусство формалары унутта калган эмес. Адабий маданият жогору өнүккөн, ал эми китеп индустриясы мурда болуп көрбөгөндөй гүлдөй баштаган[63]. Ошол кезде белгилүү, билимдүү кишилердин сыя жазуусу ыйык жана кемтиксиз деп эсептелчү. Калем Кудай жараткандардын ичинен эң биринчиси катары каралган. Ал доордо адам жасаган белгилерге же табигаттын белгилеринин кимисине көбүрөөк көңүл бурулганын айтуу кыйын. Маданият менен табигаттын дени сак симбиотикалык мамилеси жаратылышка аяр мамиле кылган ислам архитектурасында да чагылган болчу[64].

XIV кылымдан кийин чыгармачыл ой жүгүртүү ислам дүйнөсүндө көптөгөн факторлордун кесепетинен төмөндөй баштады, ага монголдордун чабуулу жана Багдаддын өрттөлүшү, мусулман арабдардын Испанияда жеңилиши жана узакка созулган кресттик жүрүштөр, Осмон халифатынын кулашы жана колониализмдин кийинки чабуулу себепкер болду окшойт. Натыйжада, исламдык ойдун чыгармачылык импульсу өчө баштады. Мусулмандар ошондой эле көптөгөн ички көйгөйлөргө да дуушар болушкан. Буга ойчулдар, окумуштуулар, философтордун аалымдардан бөлүнүп чыгуусу, диндер аралык карама-каршылыктар жана *taqlid* (өткөн бийликти ээрчүү) менен интеллектуалдык консерватизмдин таралуусу да кирет.

Философия жана илим начарлап кетти, бирок ошол эле кезде окутуунун катаал, тар окуу программалары көбөйдү. Ортодоксалдык дин коркунуч

астында калды деп, динди коргоо үчүн ойчулдарды токтотуш керек деген пикирлер чыкты. Калам (диндик-философиялык темадагы талкуу), тафсир, хадис жана фикх диний илимдеринин колдонуу аймагын кеңейткен далил, жүйөөлөрдүн кеңдиги жана ар түрдүүлүгү куфр, бидъа (динге тиешеси бар, бирок Курандан, сүннөттөн алынбаган жаңы сөздөр же түшүнүктөр) жана таклиддин тарыраак критерийлерине орун бошотуп беришти, ижтихаддын эшиги жабылды[65].

Ал эми догмалык радикализм исламдын авторитетин кыянаттык менен пайдаланып, мусулмандар арасында чыгармачыл ойдун начарлашын дагы күчөттү. Таклиддин ашынган колдоочуларынын аша чапкан окутууларынын айынан массалык маданиятта пассивдүүлүк тарап, кырдаал жакшырбай жаткандыгы өкүнүчтүү. Мындай ойлонуунун мүнөздүү өзгөчөлүгүнүн бири Курандын чыгармачылык ойго тийгизген дал ошол салымдуу импульсун билбегендиги. Малек Беннаби кыскача айткандай, цивилизация менен коомдун өз тарыхында критикалык чекитке чейин келип кризиске такалышы материалдык объекттердин азайышынан эмес, анын идеяларынын жардыланышынан болот[66].

# ЭГЕР ИЖТИХАД БОЛСОЧУ?

Рационалдык ойлонуу жана изилдөө жөнүндө Курандын чакырыгын ижтихад усулунда кармануу жок. Куранда ижтихад жөнүндө текстте эч кандай айкындык кездешпейт. Ижтихад концепция катары өз башатын Пайгамбардын хадисинен жана анын шакирттеринин жашоосунун практикасынан алат. Ижтихад усулу укук булактары *(usul al- fiqh)* илиминин негизги темасы, ал өзү да ижтихаддын туундусу болуп саналат. Пайгамбар да ижтихадды азыркыдай укуктук негиздин техникалык деталдарына токтолуп отурбай, чыгармачылык импульс катары көрсө керек. Ижтихад жөнүндө Пайгамбар айтканда жана ал анын колдонулушун колдогондо, аны чыгармачылык ой жүгүртүүнүн көз карашында караган болчу.

Эгер ойлонууга маданият менен укуктук салттар аркылуу чектөө коюуга мүмкүн болсо, анда ал абдан чоң наарazычылыкка ээ болмок. Экинчиден кандайдыр бир максат менен баалуулуктарга умтулбаган ойлонуунун эркиндиги үчүн эч ким деле чыкпайт. Атүгүл чыгармачылык ой жүгүртүү процессин жемиштүү нукка салуу үчүн үйрөнүп, акырындап жакшыртуу керек. Батыштын либералдык салты ой жүгүртүүгө кичине эле чектөө салганга умтулса, Ислам чыгармачылык ой жүгүртүүгө багыт көрсөтөт. Исламдык сыяктуу эле батыштык салттар да акылдын критерий катары авторитетин моюнга алышат. Бирок либералдык салт исламдан айырмаланып, бүт дүйнөдөн бөлүнүп калган. Ошого карабай ижтихаддын усулу өз таасирин тарыхтын жүрүшүнө ар кандай факторлор менен таасирин тийгизди, ага халифаттын монархияга алмашышы (Мульк), аналогия боюнча эллинистик ой жана силлогисттик компоненттери, уламалар менен бийликтегилердин ортосундагы ажырым себепкер[67]. *Usul al-fiqh* жана ал сунуш кылган методология татаал курсту баштан өткөрүп, формалдуулукка чырмалышып кетиши ижтихадка жагымсыз кесепеттерди алып келди. Бул абдан маанилүү концепциянын тазалыгын кайра жаңыртуу үчүн эмне кылуу керек? Ижтихадды биздин өзгөчөлүгүбүз үчүн негизги инструмент кылып, жана регуляция кылуу үчүн ижтихад теориясынын азыркы доорубуздун шарттарына жана суроо-талаптарына жооп бере албай калган кээ бир жактарын карап чыгып, реформа жасалуусу тийиш.

Мен ижтихад теориясы жана ага байланыштуу маселелерди башка жерде талкуулаган элем, бул жерде аны ийне-жибине чейин кеңири сөз кылуу кажетсиз[68]. Ошентсе да бул бөлүмдү бүтүп жатып кыска болсо да, ижтихаддын жалпы кабыл алынган теориясы кайрадан каралып, оңдолгонго муктаж экенин белгилейбиз: 1) Коллективдүү жана кеңеш берүүчү чечимдердин бар экендигин таанып, чогуу ижтихад *(ijtihad jamai)* менен кошо айрым аалымдардын ижтихаддарын кароо; 2) Күбөлүктөрдүн булагы болгон ислам

жөнүндө адекваттуу билимдери болгон эксперттердин илим, экономика жана медицина тармактарына киришине жол берүү керек. Альтернатива катары алар шариятта окугандар менен чогуу отуруп же алардан кеңеш сурап кайрылса болот.

Ижтихад мурун көбүнчө биримдик жана тил табышууга караганда ар түрдүүлүктүн жана талашуунун куралы катары колдонулуп келген. Албетте, келише албастыкка жалпысынан жол берилгени менен анда бир көйгөй бар. Биз бүгүн биримдикке жана тил табышууга муктажбыз. Окумуштуулар жана аалымдар, дин мектептери менен секталардын өтө эле ар түрдүү болуп кетишине кызыгып, колдой бербей, алардын ортосундагы ажырымды азайткан жолдорду издегиле, принциптердин биримдигине үндөгүлө. Бул үчүн ар кандай шарттар жана өлкөлөр үчүн саясаттын жетекчилик принциптери талап кылынышы ыктымал, андай болсо, бул биздин ижтихадка болгон ык-амалыбызда чагылышы керек. Сот органдары жана мыйзам чыгаруучу чогулуштарда тил табууга багытталган ижтихаддын болушу үчүн ойчулдар жана башчылар кээ бир жетекчилик принциптерди көрсөтүшсө болот.

Ижтихад мурун негизинен юридикалык түшүнүк жана усул катары ойлоп чыгарылган деп айтылат. Бирок ижтихаддын булактары жөнүндө түшүнүгүбүз ал үчүн мындай эле чектерди аныктабайт. Биз ижтихаддын алгачкы концепциясы айрым мусулмандар менен мусулмандык коомдор кездешкен көйгөйлөр менен маселелерди чечүү формуласы катары келип чыккан деп ойлойбуз. Бул ижтихаддын фикхтин *(usul al-fiqh)* негиздеринин чегинен чыгып, башка дисциплиналарга да колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү керек деген пикирибизди бекемдемек[69].

Ислам юриспруденциясынын жобосуна ылайык Куран менен хадистин ачык-айкын тексти болгондо эч кандай ижтихад болбошу керек. Бирок ушул жобо дагы кайра каралууга тийиш. Бул сөз болуп жаткан текст жаңыча көз караш менен каралганда, контекстке жаңыча чечмелөө бергенге мүмкүндүк туулуп жаткандыгынан улам болууда. Юридикалык текст өзүнө ижтихадды кошуп турушу ыктымал деп айткыбыз келет. Андыктан текстке жаңы түшүнүктү биринчи кезекте киргизгибиз келсе, муну эске албай коюуга болбойт.

Мусулмандар арасында критикалык акыл-эстин дайыма төмөндөшү жеке пикир айтуу жана ижтихад өткөн мезгилдерде аалымдар жана имамдардын зор эмгектери менен токтоп калды деген түшүнүк аркылуу шартталган. Дагы буга мусулман тиги же бул мектептердин аныктаган окутууларын карманып, өз оюңду баштапкы кылымдардагы аалымдардын чечмелөөлөрүнүн пайдасына чечип бер деген пикирдин үстөмдүк кылышы да себепкер. Ал эми алгачкы аалымдарда XXI кылымдын мусулмандарына керек болчу нерселер жөнүндө эч кандай түшүнүк деле болгон эмес. 1500-жылга чейин көз карандысыз ижтихад мусулмандарга жана мусулмандык коомдорго дайыма өзгөрүлмө

социалдык шарттарга жана илимдер аймагындагы жаңы жетишкендиктерге ылайыкташканга жардам берди. Тилеккке каршы, мусулмандык цивилизация төрт жүз жылга жакын мезгилде батыштык прогресс алдында начарлай баштагандыктан мусулмандар салттык баалуулуктар жана институттарды сактап калуу максатында консервативдүү позицияны кабылдады. Натыйжада мусулман ойчулдары инновациялар менен адаптацияларды терс карап калышты. Азыр мусулмандардын аудиторияларында үстөмдүк кылып жүрүшкөн неорадикалдардын бардык риторикасы жана символдук формаларында исламдын рухунун көп учурда жок болуп кеткени сезилет. Ошол эле учурда ижтихад  билим берүү, жакшы башкаруу, экономикалык өнүгүү жактарга зарылчылыгы бар.

# СЕКУЛЯРИЗМДЕН КИЙИН

Илимий рационалдуулук интеллектти нейрондук химиянын деңгээлине чейин түшүрүп, андагы психикалык жана жүрүм-турум феномендерин жөн гана физикалык процесстердин көрүнүшү катары түшүндүрөт. Бул тенденциялар адамды эң асыл зат өлчөмдөрүнөн айрылтып (ишеним, сүйүү, сулуулук), жан менен денени ажыратып, сезимден акылды бөлөт. Экономика чөлкөмүндө адам жөн гана товарларды өндүрүүчү жана керектөөчү болуп, ал жеке кызыкчылыгы үчүн гана жашагандай болуп калат. Бул дагы исламдык көз карашка карама-каршы, анткени ал адамдан адеп-ахлактуулукту, чексиз ишенимди көрөт.

Интеллектти физикалык жактан анализдөө азыркы кезде көп учурда туура эмес деп табылып жатат. Кеп адамды физикалык массага тиешеси жок автономдуу текшерген өлчөмдүн бар болушу мүмкүнбү деген маселеде. Моравия айтканындай: физикалык эмес, бирок жашап турган нерсе бар деп айтууга болобу? Жандан баш тартуу жана био менен нейро илимдердеги жетишкендиктер адам жөн эле дене дешет го?»[70] Акыркы учурда кээ бир чыгармачылык ойчулдар «акыл» жана «интеллект» деген түшүнүктөрдү эски, батыштык эмес өлкөлөрдүн же белгилүү элдик көз караштарга таянган антиматериалисттик жолдор менен карай башташты[71].

Исламдык философия себептерди изилдеген илимден айырмаланып, негизинен максаттарды изилдейт, объектилер менен көрүнүштөрдүн Кудайлык белгилер жана иши катары ролдорун Курандын окутуусуна ылайык карайт. Ишенимди мусулмандар илимге карай чектөө эмес, тескерисинче анын байышы жана жеткилең болушунда келечектүү катары карашат[72].

Батыш философиясынын жана илиминин альтернативдик перспективасы болгондуктан эмне үчүн мусулмандар муну мурда эле, секулярдык кылып алышкан жок деген суроо туулат. Бул негизделбеген жоромол өткөндө исламды туура эмес баалаганга жана анын чыныгы табиятын туура эмес түшүнгөнгө алып келген. Тилекке каршы бул түшүнбөстүк Батыштагы адамдарга эле мүнөздүү эмес. Азыркы күндө мусулмандардын көпчүлүгү акылдын беделдүү негиздүүлүгү боюнча бай мурасынын тереңдиги жана ишмердигинин масштабы жөнүндө аз эле маалыматка ээ. Ой жүгүрткөн мусулмандар дининин себепкери болгон ишениминдеги симбиотикалык мамилелерди аңдоо үчүн иштешет. Алар динди өркүндөөнүн булагы катары карап, исламдын адам түшүнүгүнө жана цивилизацияга болгон салымына карай кадырлашат.

# КОРУТУНДУ

Бул эмгек ой жүгүртүүгө Курандык көз карашты сунуштайт, ал анын сындык жана максаттык аспектилерин ээрчүү принциптер менен жабдыйт, бул терс таасирлерден сактап, максатынын тазалыгын камсыз кылат. Адеп-ахлак жана ишенимден эч кабарсыз ой жүгүртүү, өз багытын жана максатын жоготуп, адамдын өмүрүнө зыяндуу болуп кетпеши үчүн бул ээрчүү принциптер рухий деңгээлди өстүрөт. Ааламдагы Кудайдын белгилерин түшүнүүбүз үчүн табигат жөнүндө илимде Курандык көз караш ачкыч болуп бериши керек. Анткени, бул адамдын жердеги жашоо чөйрөсүндөгү тартибин бузуп-жарбай, жеке жана коомдук көйгөйлөрдү чечүүдө абдан пайдалуу болушу мүмкүн. Илимдеги этикалык баалуулуктарга өтө эле кайдыгер кароо окумуштууларда жоопкерчилик сезимин төмөндөтүп, бүтүндөй коомдун деградациясына түрткү болду. Жер шарындагы адамдын абалы мурун болуп көрбөгөндөй экологиялык катастрофаны алып келүүдө.

Ой жүгүртүү бул өз алдынча жол менен өнүктүргөнгө жана окутканга мүмкүн болгон тажрыйба болгондуктан ал башкарганга, азайганга жана көбөйгөнгө жөндөмү бар. Адатта, мусулмандык өлкөлөрдө университеттер жана окуу жайларда бул боюнча атайын ресурстар жетишпейт. Ал эми каражаттары бар мекемелерде өздөрүнүн окумуштуулары жана студенттеринин арасында сынчыл ой жүгүртүү маданиятынын тарбиясы, аны окуу жана изилдөө жок.

Жогорку окуу жай борборлору табигый жана гуманитардык илимдердин ортосунда, ошондой эле билимдердин бардык тармагы менен адамдык жыргалчылыктын, коомго пайда алып келген жолдордун ортосунда окутуунун жаңы иретин орнотуу үчүн бардык нерсени кылуулары керек. Студенттер жана окумуштуулар арасында ар түрдүү окуу дисциплиналарынын өз ара катышына негизделген кеңири көз карашты, чыгармачылык ойлонууну өстүрүү максатында азыркы билим берүү системасын кайра баалап чыгуу зарыл. Бул бир байкоочу сунуш кылгандай, «жетиштүү сандагы гуманитардык дисциплиналардын курстарын илим жана техниканын окуу пландарына кошуп, дисциплина аралык карым-катыш жана кызматташтык кылуу керек»[73]. Исламдын көз карашынан алганда гуманитардык илимдердин негизги мүнөздөмөсү өтө баалуу болбогондуктан баалуулуктарды этикалык жана адамдык ченем менен өлчөгөнгө негизделген ислам системасынын баасына кошулушу тийиш.

Семиотикалык мазмун жана инструменттер логика, лингвистика, грамматика, таануу, философия, антропология, табигый илимдер ж.б. өңдүү сансыз тармактарды кучагына алат. Мусулман окумуштууларынын эмгектери сөздүн семиотикалык эң терең анализинен эч кандай кем калбайт

жана ал өзүнчө бөлүнүп, жалпы далилдүү илимге кошулса болот. Бул куру сөз эмес, азыр «Семиотика» философиядан көз каранды болбогон заманбап дисциплина, ал эми лингвистика дагы өзү жаңы илим болуп чыкты. Мисалы, «Когнитивдик семиотика» илимдер менен гуманитардык тармак ортосундагы ажырымды оңдогонго аракет кылган тармак, ал XX кылымдын аягында эле 1990-жылдары пайда болду[74].

Мусулмандардын көпчүлүгү Куранды жөн эле жаттап окуганга көнүп калышкандыктан, мээси көңдөй калып, ал жөнүндө ой жүгүртө алышпай турганын айта кетүүбүз керек. Куранды эреже катары эсте жаттап калуу үчүн эле окушат, анын акыл айтканын, аң-сезимин байытканын эске албай эле, руханий эмгегине карай шилтеме кыла беришет. Бул Курандан алынган кеңеш сизге кереги жок болушу мүмкүн. Аль-Карадави мусулман өлкөлөрүндөгү мамлекеттик билим берүүнүн азыркы заманбап реалийлери жөнүндө туура эле айткан: «Биздин азыркы окуу системабыз түшүнүк алуу жана иликтөөнүн ордуна эстеп калуу жана жаттоого көбүрөөк таянат. Мындай ыкманын адаттагы начар жагы сынактар бүтөр менен эстеп калгандардын баары дароо эле унутулат. Эгер үйрөнгөн нерсе түшүнүүгө жана жеткиликтүү болгонго негизделсе, анын субстанциясы эсте калат жана бат эле унутулбайт»[75]. Бирок биз бул жерде көтөргөн маселе баштапкы кылымдардын педагогдору жана юристтери Куранды, хадисти жана фикх боюнча колдонмолорду үйрөтүп жатканда тексттеги сөздөр менен сүйлөмдөрдү түшүнүү жана анализге көңүл бурушчу деген басым коюудан келип чыгат. Ошентип, анда Куранды үйрөнүүгө туура сүйлөө жана эстеп калууга басым жасалган. Бул окутуунун кайталама системасы балдарды тарбиялоонун контекстинде айкын көрүнгөн, бирок ал ушуну менен эле чектелип калган эмес. Исламдык аалымдардын өнүккөн деңгээлдери да ошондой эле таасир берген[76].

Курандын дүйнөлүк маданиятка, мусулман кишинин же коомдордун ою, адеп-ахлагы жана маданиятына тийгизген терең таасирине карабай, ой жүгүртүү өз табияты боюнча эч бир чекке салынып, аныкталып, жетектөөчү принциптерге баш ийбейт. Куран дагы ой жүгүртүүнү белгилер жана көрсөтмөлөр менен камсыз кылуу үчүн аракет кылгандай көрүнөт, бирок ойлонуунун субъективдүүлүгү жана тубаса жекечил мүнөзү көп учурда кыял менен шыктанат да, анын түшүнүгү аныктамалар жана жетектеме принциптерге салынбайт. Чыгармачыл акыл өзүнүн сапаттары боюнча уникалдуу, эгер ал окумуштуу аалым, чынчыл кишиде болсо, анда ал Аллахтын жараткандарынын ичинен эң улуусу, эң керемети, Кудайдын жердеги үлгүсүнүн *(ayah)* сүрөттөлүшү болуп калат.

Кошумчалап айтканда, образдуу ой жүгүртүү өткөндүн башка маданият-тарынын жана салттарынын улуу ойчулдарынан да башат алат, таасирленет. Тарыхтагы улуу ойчулдар бардык региондордо, маданияттарда жана

диндерде жаралышкан. Бул айтылгандар белгилүү бир хадисте тастыкталат, анда Пайгамбар мусулмандарга: «Кытайда болсо да билим издегиле», – деп осуят кылган, башка бир хадисте: «Акылмандык ишенүүчүнүн жеке менчиги эмес, ал аны кайдан тапса, ошондо ээ болот» – делген. Мына ошондуктан чыгармачыл ойчулдар тарабынан берилген билим менен акылмандык акыры адамзаттын жалпы жетишкендиги катары каралуусу тийиш. Буга ааламдашуунун доорунда чыгармачыл ой жүгүртүүнүн натыйжалары көп учурда географиялык аймактар менен чек аралардын чегинен алыс чыгып, башка өлкөлөргө таралып жаткан фактысын мисал кылсак болот.

Адамзаттын улуу ойчулдары жана жол башчылары күн тартибиндеги дүйнөдөгү интеллектуалдуу жана маданий салттардын ортосундагы аралыктар менен бөлүнүүлөрдү кыскартуу жана аларды жалпы тагдырдын келечегин чогуу көрүү, талкууларда жалпы адамзаттык бир туугандыкка чакыруу боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн баарын жасашат деп үмүттөнөбүз.

# ЭСКЕРТМЕЛЕР

1. Караңыз: Эльма Бериш: «Жаратылыштын курандык семиэтикасы». Китеп: Ислам жана Цивилизациянын Жаңыртуусу, 8-том (Январь 2017) 49 б.

2. Ибид, 51 б.

3. Бул мурунку мусулман окумуштуулары акыл-эстин исламдык же батыштык концепциясынын ортосунда жүргүзгөн одоно теңдеме болуп саналат. Ал эреже катары батыштык акыл-ой сынынын жүйөөлүү маанисин эске албайт жана аны «инструменталдык акыл, сындык акыл, функционалдуу акыл, абстракттуу акыл, империалисттик акыл, борбордон ажыратылган акыл» сыяктуу түшүнүктөргө бөлүштүргөн. Көбүрөөк маалымат алуу үчүн Абдельвахаб М.Элмессири, 1997 жылкы "Жаңы Ислам дискурсунун өзгөчөлүктөрү", Каирдеги конференция докладынан көрүңүз.

4. Фуссилат сүрөсү, 41:53.

5. Зарият сүрөсү, 51:20.

6. Сод сүрөсү, 38:29.

7. Айрым комментаторлор «аят» түшүнүгүнүн тегерегинде айланышкан 30 дай туюнтманы ажыратып карашат. Караңыз: Абу Бакр аль-Рази, Тафсир аль-Кабир (Бейрут, Дарал аль-Фикр) II, 222 б.

8. Мухаммад сүрөсү. 47:24.

9. Ян Ричард Неттон, Аллах Трансцендент, Ислам философиясынын түзүлүшү жана семиотикасы, теологиясы жана космологиясы (Лондон жана Нью-Йорк: Роултеж Тэйлор жана Фрэнсис Груп, 1989) 321 б.

10. Аль-Бакара сүрөсү 2:242.

11. Аль-Имран сүрөсү 3:118.

12. Караңыз: Юсуф аль-Карадави, Аль-Акл ва аль-Илм аль-Кура'н аль-Карим (Каир: Maktabah Wahbah, (1416/1996) 36 б.

13. Аль Рахиб аль Исфахани, Муфрадат аль Фаз аль-Куран (Бейрут: Даар аль Шамиях1383/1964), «фикр» ден кийин.

14. Аль-Араф сүрөсү, 7:175-176 дагы аль-Наср сүрөсү 59:21, аль-Рум 30:21).

15. Караңыз: Карим Дуглас Кроу, «Ислам жана акыл-эс» макаласы «Аль-Шажара» китебинде, 8-бөлүм, 2003, 121 б.

16. Аббас Махмуд аль-Аккад, Аль-Тафкир Фари жана Исль Мия (Ой жүгүртүү- бул исламдык милдет) бул шилтеме Жамал Бади жана Мустафа Тажидиндин «Чыгармачыл ой жүгүртүү: Исламдык көз караш (Куала-Лумпур: Малайзиянын эл аралык университети 2005) китебинен алынган, 6 б.

17. Аль-Карадави, Аль-Акл ва аль-Ильм, 41-45 б.ибн Кайым аль Жавузиянын «Мифтах Дар аль-Саада» жана Акаддын «аль-Тафкир Фарида

Исламия» (Бейрут: аль-Матба аль-Ашрия, 1992) китебинен шилтеме келтирилген.
18. Тавба сүрөсү 9:122.
19. Имран сүрөсү 3:48.
20. Жума сүрөсү 62:2.
21. Ниса сүрөсү 4:54.
22. Лукман сүрөсү 31:12.
23. Бакара сүрөсү 2:269.
24. Аль-Карадави, Аль-Акл ва аль-Илм, 200 б.
25. Ибид, 202 б.
26. Аль-Исфахани, Мифрадат Алфаз аль-Куран, 249 б.
27. Сайид Мухаммад Хусейн Табатайи, «Аль Михан фи Тавсир аль-Куран (Бейрут: аль-Муассаса аль-Алами, 1483/1964) II, 395 б.
28. Алауддин аль Маттаки аль-Хинди, «Канз аль-Умма фи Сунан аль-Аквал ва аль-Афал (Бейрут: Муассаса аль-Рисала, 1383/1981), 5873-хадис.
29. Абу Хамид Мухаммад аль-Газали, «Рисалат аль-Радд ала Ладуния, ред.Абдаллах Рияд Мустафа (Дамаск: Дар аль- Хикма, 1986), 241 б.
30. Нахл сүрөсү 16:78.
31. Тарбия фи аль-Ислам (Каир: Дар аль-Маариф би Мишр,1968), 22-228 б.
32. Азиз ал-Азмех, Арабча ой жүгүртүү жана исламдык коомчулуктар (Лондон, Грум Хелм, 1986), 109 б.
33. Диана Ф.Халпем. Ой жүгүртүү жана Билим: Сын ой жүгүртүүгө киришүү (Махвах, Нью Жерси, Лоуренс Эрлбоум Ассосияциясы, 1996), 21 б.
34. Ибрагим Б.Саид. «Сындык ой жүгүртүү» онлайн катары http://www.lrfi.org/articles/articles_101_150/critical_thinking.htm.
35. Мухаммед Икбал, Исламдагы диний ойду калыбына келтирүү (Лахор: Шах Мухаммад Ашраф, кайра басуу 1982), 127 б.
36. Хаж сүрөсү 22:46.
37. Нахл сүрөсү 16:78.
38. Зумар сүрөсү 39:18.
39. Хааккат сүрөсү 69:38-39.
40. Малек Беннаби. Интаж аль-Мусташрикин (Каир: Мактаба Амир 19990), 34 б.
41. Имран сүрөсү 3:137
42. Имран сүрөсү 3:140.
43. Арааф сүрөсү 7:181-183.
44. Икбал. Диний ой жүгүртүүнү калыбына келтирүү. 139 б.
45. Хужурат сүрөсү 49:6.
46. Зумар 39:6 жана Ниса 4:1.

47. Чоо-жайын билүү үчүн Имам Фейсал Абдул Рауф, «Исламда эмне туура болсо, анда ошол Америка менен да туура болот» аттуу китептен караңыздар. (Сан-Франциско: Харпер Коллинз, 2004), 4-5 б.
48. Жорж В.Х. Хегель. Тарыхтын философиясы (Нью-Йорк: Дав Букс, 1956), 109 б.
49. Луай Сафи, "Батыштагы азчылык мусулмандарынын чыгармачыл миссиясы: Ислам жана заманбаптыктын этосун синтездөө "аттуу конференциянын доклады. Вестминстер Университетинде, Лондон, Улуу Британия, 21-февраль, 2004. http://lsinsight.org/articles/Current/MuslimMinorities.htm.
50. Жаасийа сүрөсү 45:23.
51. Бакара сүрөсү 120; Касас 28:50; Кахф 18:28.
52. Йунус сүрөсү 10:36.
53. Исра сүрөсү 17:36.
54. Нажм сүрөсү 53-23.5. Караңыз: М.Х. Камали «Исламдагы жана илимдеги «Ислам, рационалдуулук жана илим» (2003), т.1, 2-номер, 126 б. ; ошондой эле Мехди Гольшани «Дисциплиналарды исламдаштыруу жолунда» китебинде илимдин философиясы Курандын көз карашы менен» (Херндон: ислам оюнун эл аралык инстититу, 1989), 73-б.
56. Йунус 10:32.
57. Анам 6:115.
58. Бакара сүрөсү 2:170;Мааида 5:104.
59. Анбийа сүрөсү 21:54; Арааф сүрөсү 7:71.
60. Ахзаб сүрөсү 33:67.
61. Анкабут сүрөсү 29:39.
62. Ишфак Ахмад, «Ислам дүйнөсүндөгү изилдөөлөр менен өнүгүүлөрдүн маданияты: өткөн чактагы жана учурдагы көйгөйлөр жана келечекки багыттар» к-те: Абу Бакр Абдул Мажит ж.б.(ред.). Мусулман дүйнөсүндөгү жаңы билимдер, изилдөөлөр жана жаңы иштелмелер (Куала-Лумпур: Малайзиянын исламдык түшүнүү институту. 2004), 14-15 б.
63. Зиауддин Сардар. Ислам, постмодернизм жана башкача перспективалар: Зиауддин Сардар Окулмасы (Лондон, Плуто пресс, 2003).
64. Сейед Хоссейн Наср. Азыркы дүйнөдөгү салттык ислам (Кеган Паул Интернешнл:1990).
65. Абу Бакр Маджид редакциялаган «Исламдык жана исламдык эмес дүйнөдө өнүгүү маданияты жана изилдөөлөрдү институтташтыруу: салыштырма перспектива» эмгегин Оливер Лимандын талкуулоосун караңыз. 50-51 б.
66. Малек Беннаби. Интаж аль-Мусташридин. 26 б.
67. Мохаммад Хашим Камали. Жихад жана ижтихадды түшүнүү көйгөйү// Исламдык изилдөөлөр 41 (2002), 623 б.
68. Ижтихад жөнүндө бөлүм М.Х.Камалинин «Ислам юриспруденциясынын принциптери. 3-басылыш (Кембридж: Исламдык тексттик коомчулук,

1991, 2003) эмгегинде бар. Ошондой эле менин «Жихад жана ижтихадды түшүнүүдөгү көйгөйлөр//Исламдык Изилдөөлөр, 41 (2002), 617-635 б. жана «Укуктун теориясы жана усул маселелери, реформалардын келечеги»//Ислам изилдөөлөрү 40; (2001), 1-21 б. макалаларымды караңыз.

69. Бул макаланын автору ижтихадга жаңы аныктама сунуш кылган. Шариат мыйзамы: Киришүү (Оксфорд. 2008), 165 б.

70. Серджио Моравия. Акылдын табышмагы: азыркы дүйнөдө акыл-эс менен дененин көйгөйү. С.Статон (Кембридж университетинин басмаканасы, 1995, 1-басылыш Римде чыккан 1986), 4-5 б.

71. Говард Гарднер. Интеллект өзгөрүүсү: 21 кылым үчүн көптүк интеллект. (Нью-Йорк:Негизги китептер. 1999).

72. Роджер Гаруди. «Батыш философиясынын балансы бул кылымда». К-те: Илимдерди исламдаштыруу жолунда». (Герндон: Ислам Оюнун эл аралык институту, 1989), 399 б.

73. Мехди Гольшани. «Билимден акылмандуулукка: Курандык перспектива»//Исламдык изилдөөлөр, 44 (2005), 13 б.

74. Мартин Лингс. «Алфавиттин тамгаларынын символизми». Китепте: «20-кылымдагы ыйык Сопу: шейх Ахмад аль-Алави: Анын рухий мурасы (Кембридж: Ислам жазмаларынын коому, 1993).

75. Йусуф аль-Карадави. Фикх аль-Авлавиат, 68 б.

76. Аль-Ахвани. Аль-Тарбия фи аль-Ислам, 189 б.

Бул эмгек ой жүгүртүүгө Курандык көз караштЫ сунуштайт, ал эми анын сындык жана максаттык аспектилерин жетишкенчилик принциптер менен жабдыйт, бул терс редукцияллык таасирлерден сактап, максаттын тазалыгын камсыз кылат. Адеп-ахлах жана ишенимден кабарсыз ой жүгүртүү өз багытын жана максатын жоготуп, адамдын өмүрүнө зыяндуу болуп кетпеши үчүн, бул жетекчилик принциптер рухтук өлчөмдү өстүрүшөт. Макала Кудайдан болгон аян белгилерди, аятты талкуулоого жана алардын Курандагы ой жүгүртүү түшүнүгүнөн алган көрүнүктүү орундарын сөз кылуудан башталат. Ошондой эле, талкуулануучу темаларга: Курандагы билим булактарын аныктоо, рационалдуу ойлонууга тоскоол болгон факторлор жана илимий чыгармачылыктын алтын доорунун тарыхый эскизи жана анын төмөндөп кетүү себептери кирет.

Ижтихадга арналган кыскача бөлүм биздин ой жүгүртүү боюнча анализибиздин схемасына дал келет, андан кийин ислам жана Батыштын акыл-эстүүлүк жөнүндөгү философиялык кабылдоолорунан кыскача салыштырууну окуй аласыз.

INTERNATIONAL INSTITUTE OF ISLAMIC THOUGHT
iiit

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)